# РУЧКА СТОЛДУН ҮСТҮНДӨ

ТЕМА БЕРИЛЕТ. ОКУУЧУЛАР ТОП ТОПКО БӨЛҮНҮШҮП ТЕГЕРЕТЕ ОТУРУШАТ ЖАНА ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ ИДЕЯЛАРЫН ТАЛКУУЛАЙ БАШТАШАТ. СААТТЫН ЖЕБЕСИНИН БАГЫТЫ БОЮНЧА АР БИР КАТЫШУУЧУ ӨЗ ИДЕЯЛАРЫН АЙТЫШАТ.

СҮЙЛӨП ЖАТКАН КАТЫШУУЧУ РУЧКАНЫ СТОЛДУН ҮСТҮНӨ КОЮП, ӨЗ ОЮН АЙТАТ. ОШЕНТИП КЕЗЕК МЕНЕН ТАЛКУУ УЛАНАТ. СҮЙЛӨП БҮТКӨН КАТЫШУУЧУ БАШКАЛАР РУЧКАЛАРЫН КОЮП ОЙЛОРУН АЙТЫП БҮТМӨЙҮНЧӨ ЭКИНЧИ ИРЕТ ТАЛКУУГА КАТЫША АЛБАЙТ. ТОПТУН АРАСЫНАН БИР КИШИ КАТЧЫ БОЛОТ ДА БАРДЫК ИДЕЯЛАРДЫ ТОПТОШТУРАТ. МУГАЛИМ КААЛАГАН УЧУРДА, КААЛАГАН ТОПКО БАРЫП **"БУЛ РУЧКА КАНДАЙ ИДЕЯНЫ АЙТТЫ?"** ДЕП СУРАШЫ МҮМКҮН. ОШОНДУКТАН АР БИР КАТЫШУУЧУНУН АЙТКАН ИДЕЯ ПИКИРЛЕРИН КӨҢҮЛ КОЮП УГУУ ТАЛАП КЫЛЫНАТ. АЯГЫНДА АР БИР ТЕГЕРЕК СТОЛДУН ПРЕЗЕНТАЦИЯСЫН УГУШАТ.

